65.05 (Кор)
О-52

ОКУУ ЖАЙЛАРДА ИШ КАГАЗДАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА НУСКА

БИШКЕК 1995

Карыпбек Курманаалы уулу
Таалайгүл Айылчы кызы

Шейшен Жусуп уулу редакциялаган.

ОКУУ ЖАЙЛАРДА ИШ КАГАЗДАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА НУСКА

Үлгүлөр, тариздер, бланкттар, каржылык иш кагаздар жана иш кагаздар сөздүгү.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министирлиги чечими менен чыгарылды

Кириш сөз.

Кыргыз мамлекети кайра эгемендүү болгонуна 6 жылдын жүзү өттү. Тилибиз мамлекеттик укукка ээ болду. Бирок ар бирибиз ишибизде колдонбосок тилибиздин колдонуу абалы жыл өткөн сайын начарлоодо. Кыргызстандын накта атуулдарын, элим-жерим дегенде оттон кайра тартпаган улан-кыздарын өз тилибизде кана тарбиялай алабыз. Бөтөн тилде тарбияланган, улуттук жарым өлүк, карандарыбыз бизди жарытпаганы шексиз экени көрүнүп эле калбадыбы. Кыргыз сөзимдүү, кыргыз рухтуу каатар кана бизди руханий, экономикалык, жалпы турмуштук каатчылыктан алып чыга алат. Кыргыз тилде билим албаган азыркы башкаруучуларбыз өнө тилинде көнөш, көнөшмө, чогулуш, иш кагаздардын жүгүртүүсүн алып бара албастыгынан,орус тили ишкер тил болууда. Анын үстүнө иш кагаздардын үлгүлөрү, тириздери, нускалар ушул тилде, ар бир учурга ылайык даярдалган, колдонууда ынгайлуу. Окутуу бөтөн тилде жүргүзүлсө да иш кагаздардын жүрүшү өнө тилде болушу керек. Колуңуздагы нуска ушул тармактагы алгачкы демилге. Нуска беш баптан жана кыскача орусча-кыргызча сөздүктөн турат. Биринчи бапта иш жүргүзүүнүн жалпы эрежелери, кызматтык иш белүштүрүүлөр, милдеттер, укуктар, жоопкерчиликтер берилген. Экинчи бап кызматкерлердин, ишкерлөр белүмүнүн жана көңсөнин кагаздарын камтыйт. Үчүнчү бапта кафедралык иш кагаздар. Төртүнчү бапта деканддыктардагы окуу процессин уюштуруучу иш кагаздар. Бешинчи бапта каржы, эсеп-кысап иш кагаздарынын үлгүлөрү, тириздери берилген. Кыскача орусча-кыргызча сөздүк орусча жазылган "инструкцияларды" окуп түшүнүүгө жардам бериши мүмкүн.

Бул нускаңы окуу курал катары жаатында пайдалануу мүмкүн. 34 саатык иш программасына ылайык даярдалган.

Нускаңы даярдоодо Байгелди уулу Жумабектин көңештери, басмага даярдоодо Абылбайыз уулу Баястын жардамдары, нускаңы жакшыртууга, салымдары чоң.

Пикириңиздерди төмөнкү дарекке салып жибериңиздер. Бишкек шаары, Тыныстык Кең көчөсү 66, Кыргыз Техникалык Университети "Котормо белүмү" Карыпбек Курманалиевге, тел. 44-51-74, 48-42-96.

Авторлор. 01.06.1995 жыл.

167091 ✓
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 714053

БЕКИТЕМ
Кыргыз Республикасынын Билим Берүү
жана Илим министири А.Ч.Какеев
19____ж._____айынын _____№_____

I БӨЛҮМ. Кыргыз Республикасынын окуу жайларында иш кагаздарды жүргүзүү боюнча НУСКА

I. ЖАЛПЫ ШАРТТАР

1.1. Бул нуска окуу жайлардагы иш кагаздардын мамлекеттик деңгээлде талапка ылайык бир калыпта жүрүшүн камсыз кылуу үчүн даярдалган. Бул нусканы бардык окуу жайлары жолдомо катары пайдалануугa тийиштүү.

1.2. Негизги талаптар:

- иш жүргүзүү кагаздарын бир түрдө даярдап, ирээттүү сактоо;
- жогорку бийликтегилердин тапшырмаларын, иш кагаздарды учурдагы мыйзамга карата белүштүрүүнү өз учурунда сапаттуу аткаруу;
- иш кагаздарды эсепке алуу, каттоону уюштуруу, белүм-белүмчөлөргө өткөрүүгө даярдоо, аткарылышын текшерүү;
- иш кагаздарды көбейтүү, тартиптештирүү жана архивге өткөрүп берүү үчүн даярдоо;

"Жашыруун", "Кызматка колдонуу үчүн" белгиси бар иш кагаздарды жана жарандардын каттарын,арыздарын,өтүнүчтөрүн атайын тартиптүү жолдомо менен аныктоо.

1.3.Ишти туура жүргүзүп жана жакшыртуу үчүн жетекчи менен кезекмелдеечү иш алып баруу белүмүн жетектейт. Алардын бардык суроолор боюнча көрсөтмөлөрү иш жүргүзүүчү укмдагы кызматкерлер үчүн милдеттүү.

1.4. Өз алдынча иш алып баруучулар түзүлүштүк белүмчөнүн техникалык катчысы тарабынан берилген жумушту белгилүү чейректе иш жүзүнө ашырууга милдеттүү. Иш жүргүзүүдегү түрдүү милдеттердин нускасына ылайык түзүлүштүк белүмчөнүн жетекчиси кызматкерлердин жекече укук

милдетин аныктап, кошумча көрсетмелерду бекитет.
1.5.Окуу жайлардын түзүлүштүк бөлүмчесүнүн жетекчилери иш кагаздарды бөлүмчөнүн өзүндө сакталышына жана иштин туура жүргүзүлүшүне жооптуу болушат.

Иш кагаздарды жүргүзүүнүн жекече аткаруучулары алардын милдетине таандык бөлүгүн гана сактоолору зарыл.
1.6.Түзүлүштүк бөлүмчеде иш кагаздарды жүргүзүү боюнча жетекчилер төмөнкү талаптардын аткарылышына жооптуу :
- жогорку органдардын тапшырмаларын бөлүштүрүү,министирликтин коллегиясынын чечимдеринин,буйруктарынын жана башка иш кагаздардын өз убагында сапаттуу аткарылышына;
- иш кагаздык материалдардын архивге өткенге чейинки сактальшына;
- кечүрүп жазуу иштерин тездетүү үчүн чара көрүүгө.
1.7. Кызмат иш кагаздарынын мазмунун жарыялоого болбойт, аны менен ушул иштин аткарылышына тиешелүү адамдар гана таанышууга тийиш. Иш кагаздык материалдар менен башка бирөөлөрдүн таанышуусу жана басма сөзгө алардын жарыяланшы жетекчилердин уруксаты боюнча гана болот.
1.8. Кызматчы эс алууга же иш сапарга кетээрде ошондой эле кызматтан бошоордо жетекчинин көрсетмесү боюнча ага тапшырылган бардык иш кагаздарды башка кызматчыга өткөрүп берүүгө милдеттүү. Иш кагаздарды өткөрүп алган кызматчы ишти өз убагында аткаруу үчүн чара көрүшү керек. /Кызматтан бошонуу учурунда иш кагаздарды өткерүү актысы түзүлөт/.
1.9. Иш кагаздарды жүргүзүүнү иш жүзүнө ашырууда иш кагаздарды алып баруу бөлүмүнүн атайын жоболорун жана көмөкчү нускаларын колдонууга болот.
1.10. Окуу жайларында ар түрдүү көмөкчү каттар же башка иш кагаздары үчүн атайын даярдалган бараткалар болушу зарыл.
- Көмөкчү каттын бараткасында дареги, телефондун,телетайптын катар белгиси жана банктагы эсеп-санактын кору авторунун аты,ата-тегинин астында турат. Эгерде көмөкчү катта дарек белгиси болсо, анда аталышы көрсөтүлбейт.Бул учурда көмөкчү кат жекече иш кагазы болуп эсептелине берет. Ал эми калган башка иш кагаздардын ар түрдүү аттары болот. Мисалы: буйрук, баяндама баракча, акт, токтом,чечим ж.б.у.с. Ушул сыяктуу бардык негизги иш кагаздарын эреже катары баракчаларга басып чыгаруу керек.

Баракчаларды колдонуу-эмгекти башкаруунун маданиятын жогорулатат,

өзүнчө мүнөздөгү жаңылыктарды берет, андан ары каалаган иш кагаздарды колдонууну жана аткарууну жөнилдетет.

1.11. Бирдиктүү тартиптештирүү иш кагаздарын мамлекеттик стандарт органдары иштеп чыгууга тийиш.

1 Кыргыз Республикасынын Гербди

2 Мекеменин төш белгиси;

3. Өкметтүк сыйлыктын сүрөттөлүп көрсөтүлүшү;

4. Коддору;

5. Министирликтин же ведомствонун наамы;

6. Мекеменин наамы;

7. Түзүлүштүк бөлүкчөлөрдүн наамы;

8. Дареги;

9. Резолюция (жазылган пикир, кабыл алынган чечим, токтом);

10. Мөөр белги (гриф) берүү;

11. Ишкананын байланыш шарттуу белгиси,почталык,телеграфтык дареги, телетайптын катар белгиси (телеграфтык пайдалануу укугу) телефондун, банктагы эсеп-санактын катар белгиси;

12. Иш кагаздардын аттарынын түрү;

13. Жылы,айы,күнү;

14. Шарттуу белгиси;

15. Иш кагазга кирген шарттуу белгисине, жылына, айына, күнүнө таянуу;

16. Түзүлгөн же даярдалган жери;

17. Текшерилгендиги тууралуу белги;

18. Текстин аты;

19. Тексти;

20. Тиркеменин болгондугу тууралуу белгиси;

21. Кол коюу;

22. Макулдашуунун мөөр белгиси;

23. Көчүрмөнүн күбөлөнгөндүгү тууралуу белгиси;

24. Кол белги (виза);

25. Иш кагаздарынын аткарылгандыгын кана алын ишке болгон багытын белгилөөсү;

26. Өткөрүлгөндүгү тууралуу белгиси;

27. Сол жактагы жээк 35 мм
Оң жактагы жээк 8 мм дан кем эмес
Жогорку жээк 20 мм

Төмөнкү жээк А - 4 форматы үчүн 19 мм ден кем эмес
А - 5 форматы үчүн 16 мм ден кем эмес

Башкаруунун бирдиктүү тартиптештирүү иш кагаздарында дайыма көздешүүчү эң жогорку дарек белги стандартта берилет. Алардын ар бири так аныкталган жерге ыйгарылат.

Мамлекеттик калып узунунан кеткен учурда дарек белгилердин бурч боюнча жайгашуусуна жол берилет. Узунунан кеткен баракчаларда мекеменин аты иш кагаздын жогорку жагына жазылат.

Бурчтук жайгашууда дарек белгинин негизги бөлүгү сол жактын жогорку бурчуна жайгашат.

Үлгүдө мамлекеттин,мекеменин, иш кагаздар ээлеринин дареги эки тилде мамлекеттик жана орус же англис тилинде берилет. Иш кагаздардын үлгүсү кара боек менен гана жазылат. Үлгүлөрдү эки форматтуу А-4 (210-297мм) жана А-5 (148-210мм) кагаздарга колдонууга болот.Министирликтин, окуу жай ведомстволорунун,уюмдар менен ишканалардын үлгүлөрүндө мамлекет белгисинин сүрөттөлүшү болууга руксат берилет.

1.1. Мерчемдик, каржылык, эсеп-санактык ж.б.атайын иш кагаздар Мамлекеттик Статустун шартынын негизинде даярдалат жана жабдылат.

2. КЫЗМАТ ИШ КАГАЗДАРЫНА ДАЯРДЫК

2.1. Иш кагаздарды түзүүдө жана жабдууда коюлуучу жалпы талаптар:

2.1.1. Иш кагаздар өтө кыска даана редакцияланып, көрсөтмөгө, токтомго, буйрукка таянган болушу керек. Ошону менен бирге буйруктук иш кагаздар чөбердик менен аткарылышы зарыл.

2.1.2. Иш кагаздарды түзүүдө көрсөтмө үлгүлөр колдонулат.Иш кагаздар жиберилө турган мекемелердин санына жараша таза кагаздын барагына басылып чыгарылат.

2.1.3. Иш кагаздарды түзүүдө жана жабдууда төмөнкү талаптар аткарылыш керек:

- толук ат берүү (эрежеге ылайык иш кагаздын үлгүсүн кайра түзүү);
- иш кагаздардын түрлөрүн көрсөтүү (ар бир иш кагазда каттан башкасы көрсөтүлөт);
- иш кагаздын аты;
- даректөө;.

Мекеменин аталышы жана анын түзүлүштүк бөлүмчөсү атооч жөндөмөдө

көрсөтүлөт. Иш кагаздар бир өңчөй уюмдарга жиберилсе, алардын аттары жалпыланып көрсөтүлөт.

- тиркемеге көрсөтмө;
- иш кагаздагы тиркеме аталган текстке, алардын баракчаларынын санына көчүрмөлөрүнө гана таянат. Эгерде тиркеме алынып ташталса анда баракчалардын саны көрсөтүлбейт.

Аткарылгандыгы тууралуу белгилер:

- иш кагазда аткаруучунун аты, ата-теги жана телефонунун катар белгиси бардык көчүрмөнүн биринчи бетинин сол жак ылдыйкы бурчуна жө иш кагаздын акыркы барагынын арт жагына коюлат.
- бардык иш кагаздарга ар кандай кызматтык белгилөөлөрүнө, макулдашуусуна, аткарылышына жараша жылы, айы, күнү коюлат.
- жылы, айы, күнү араб саны менен жазылып, айы жана күнүнүн катар белгиси жылдын эки акыркы саны менен белгиленет. Эгерде айынын жө күнүнүн катар белгиси бир сандан турса, анда анын астына нөл коюлат.
- негиздүү катар белги ар кандай иш кагазда түзүлүштүк бөлүмчөнүн сандуу шарттуу белгисинен турат. Иш кагазга шарттуу белгинин алдына атамалар тизмеси коюлат. Иш кагаздардын көчүрмесү ага тиешелүү бардык материалдарды сактайт жана каттоонун кезектешме катар белгисинен турат.

2.1.4. Иш кагазга тиркеме негизги иш кагаздар сыяктуу жабдылат. Алар наамга, текстке, коюлган кол белгиге, жылына, айына жана күнүнө ээ болушат. Тиркеме кагаздын таза барагына жазылат.

2.2. Иш кагаздардын тексти.

2.2.1. Иш кагаз өтө кыска, чөбөрдик менен редакцияланып, ар бир суроо эрөже катары түзүлүп жана каралган суроолор толук маалыматты камтып турушу керек.

2.2.3. Кээ бир учурда иш кагаздын тексти бир корутунду белүктү, преамбуласыз буйрук белүгүн, түшүндүрмөсүз өтүнүч катын ж.б. у.с. камтып турат.

2.2.4. Ар башка суроолор боюнча маалымат билдирүүчү иш кагаздар (баяндама, аткарык, тиркеме) белүктөрге бөлүнүп (тарам, пункт, камтылган пункт) аты боюнча иш кагаздарга номур берилет. Алар араб сандары менен белгиленет. (мисалы 2,3,4)

2.2.5. Иш кагаздардын текстин берүүдө төмөндөгүдөй талаптар сунуш кылынат:

- жөнөкөй сүйлөмдү колдонуу, трафареттүү сөздүн аткалышын колдонуу,

үйлөмдө сөздү түз мааниде колдонуу, мисалы,этиш баяндоочтон мурда элгенде аныкталма сөздүн астында турат ж.б.у.с.;

сүйлөмдө сөздү тескери тартипте колдонуу;(баяндооч этиштен мурда элгенде) бул учурда маанинин басымы аракеттин өзүнө же субъектиине түшөт;

этиштик зат атоочту, айрыкча, тартиптештирилген иш кагаздарда ийиштүү этишке алмаштыруу;

тартиптештирилген иш кагаздарда этиштер аныкталбаган таризде олдонулат("бекитүү","калтыруу");

ат атоочтон зат атоочко алмаштыруу (мисалы,"министирлик сурайт", биз сурайбыз";

тартиптештирилген иш кагаздарда өкүмдүк мүнөздегү тилдик тутумаштыкты пайдалануу, туруктуу сөз башкаруу таризин колдонуу; "буйрук кылам" (буйрукта), "сунуш кылам" (көрсөтмөдө).

2.3. Иш кагаздарга кол коюу, макулдашуу жана бекитүү.

2.3.1. Макулдашуу - бул иш кагаздын долбоорунун баалары жана алын ала кароо жолдору. Макулдашуу бардык жактан чечилүүчү суроорду камсыз кылат.Мисалы:Иш кагаздарды сапаты боюнча талдоо,аларды өз убагында пайдалануу,саясий-үнөмчүлдүк жана илимий-техникалык маанисинин өзгечөлүгүнө жараша азыркы учурдагы мыйзамга ылайыкташтыруу ж.б.у.с. укук актыларын камтыйт.

2.3.2. Зарыл иш кагаздар менен макулдашуу жогорку окуу жайлардын бөлүмчөлөрүндө, окуу жайлардын ведомстволорунун астында, укмдарда, мекемөлөрдө, министирликтерде жана ведомстволордо жүргүзүлөт. Макулдашуу иш кагаздарын аткаруучулар иштеп чыгышат.

2.3.3. Иш кагаздардын долбоорунун ички келишүүчүлүгүнүн таризи болуп кол белгилөө саналат. Кол белги - бул кол белгилөөчүнүн өздүк колу, макулдашылган жылы, айы, күнү. Кол белги иш кагаздын биринчи даанасына жана бөлүмчөлөрдөгү калган каттарга же бөлөк чыгуучу иш кагаздардын даанасына коюлат.

2.3.4. Иш кагаздын күбөлөнмөсү - бул анын мазмундуулугу жана мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилигин түшүндүргөн тариз. Иш кагаздын күбөлөнмөсүнүн негизги жолу: кол коюу, бекитүү жана мөөр басуу.

2.3.5. Кол - иш кагаздын милдеттүү түрдөгү курамдык бөлүгү. Иш кагазга, мыйзамга жана башка укук актыларына жетекчилер же абройлуу кызмат ордундагы адамдар кол коёшат.

2.3.6. Ооднын атынан ректор жана ректордун орун басары кол коёшат.

Түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн жетекчилери аларга берилген укук чегинде иш кагаздарга бөлүмчөнүн баштамалынын атынан кол коюшат.

Эгерде чечүүчү суроолор анын укук чегинен чыкпаса, анда ал маалыматтагыч иш кагаздарга: баяндама, баяндама каттар жана маалыматтагыч каттарга кол коюшу мүмкүн. Иш кагаздар мазмуну боюнча бир нече адамдардын жоопкерчилигинен турса, анда эки же андан көп кол коюлушу зарыл.

2.3.7. Иште калуучу биринчи иш кагаздардын даанасына кол коюлат. Иш кагазга кол коюучу адамдын кызмат орду белгиленет (эгерде иш кагаз үлгүгө жазылбаса жана толук үлгүлүк иш кагаздоо болбосо, анда өздүк кол жана анын чечмелеесү берилет). Иш кагазга кол коюда аны түзүүчү адам эмес, укуктоптун курамындагы милдеттүү адам кол коет.

2.3.8. Бекитүү - күбөлөмө иш кагазга кол койгондон кийин белгилүү кызматтагы адам же талашкер мекеменин тийиштүү жерлерине иш кагазды жайылтуу боюнча макулдуктоонун өзгөчө жолун аныктайт. Бекитүүгө тийиштүү иш кагаз бекитилгенден баштап укуктук күчкө ээ болот. Иш кагаздарда баяндалган абройлуу суроолорду атайын кызматтагы адамдар чечишет.

2.3.9 ЖОЖдо эреже катары төмөнкү иш кагаздардын түрлөрү бекитилет: -мекеме, укмдар, алардын түзүлүштүк бөлүмчөлөрүнүн, кеңешүүчү бийликтегилердин ж.б.у. сыяктуулардын жоболору, эрежелери. Эсеп-кысаптарынын тариздери, штаттык тартиптер, иштөө убактысы, көзөмөлдөө-текшерүү ирээтиндеги актылар, азыркы жана келечектик мөрчөмдөр, бүткөн курулуштарды пайдалануунда же имараттарды жана курулуштарды кайрадан курууда актыны кабыл алуу, ишти өткөрүп берүү ж.б.у.с. токтомдордун эр түрдүүсү.

2.3.10 Иш кагаздардын мөөр белги менен бекитилиши алардын тартиптештирилип чыгуусуна ылайык жүргүзүлөт. Бекитүүнүн эки жолу тең бирдей юридикалык күчкө ээ болот (тиркеме 1 кар.). Биргелешкен бийликтегилерден бекитүү келгенде гана тартиптештирилген иш кагаз бекитүүгө берилет. Эгерде иш кагаздын киришүүсүндө кошумча иш жана алдын ала жазуу талап кылынса, анда тартиптештирилген иш кагазды чыгарууга жол берилбейт.

2.4. Иш кагаздардын үлгүлөрүн, тариздерин даярдоо жана жабдуу жумуштары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министирлиги тарабынан аткарылат.

2.4.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Билим берүү министирлиги ЖОЖдордун коюлган укугунун чегинде чечүүгө мүмкүн эмес суроолорду карайт.

2.4.2. Токтом тартибинин долбоору тиешелүү министирликтердин жана ведомстволордун таламын көздейт. Алар менен алдын ала макулдашылат. Макулдашуунун натыйжасы маалыматтагычка жана сунуш кылынган долбооруна ажыратылат. Иш кагаздардын долбооруна түзүлүштүк бөлүмчөнүн башчылары,орун басарлары жана аны даярдагандар кол коюшат.

2.4.3. Токтомдун, буйруктун долбоорлору баяндама менен катар түзүлүп, зарыл болгондо кабыл алынат.

2.4.4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Билим берүү министирлигине даярдалган каттар,кайрылуулар, сунуштук иш кагаздар окуу жайлардын үлгүсүнө басылып, ректордун колу коюлат.Ректор жокто анын милдетин аткаруучу проректор кол коет. Ректорлук түзүлүштүк бөлүмчөлөрдө жалпы жонунан проректор кол белги коет. Андан башка токтомдун жана тартиптештирүүнүн долбооруна юридикалык бөлүмдөн кол белги коюлат. Токтомдун жана тартиптештирүүнүн долбоорунун I-и даанасына ректор же анын милдетин аткаруучу проректор кол коет.

2.4.5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жөнөтүлүүчү иш кагаздарда даректеечүнүн аты, ата-теги көрсөтүлбөйт. Эгерде зарыл учурда иш кагаздардын дареги белгилүү адамга жөнөтүлсө, анда анын аты, ата-теги жана кызмат орду көрсөтүлөт.

2.4.6. Токтомдун долбоорунун жана тартиптештирүүнүн баяндама тиркемесине түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчилери кол коет.

2.4.7. Аткарылгандыгы тууралуу белги бардык дааналардын сол жак ылдыйкы бурчунун сырт жагына же иш кагаздын акыркы барагынын арт жагына коюлат.

2.5. Тартиптештирилген иш кагаздарын даярдоо жана жабдуу.

2.5.1. Мыйзамдын күчүнө кирүүсүнө ылайык ЖОЖдордо буйрук жана укук актылары даярдалып бөлүм-бөлүмчөлөргө берилет. Буйрук жана укук актылары ректор, проректор аркылуу окуу жайдын негизги аткарылуучу маселелерди чечүү максатында чыгарылат. Мисалы:

- жолдомо-укук актылары окуу жайдын илимий-техникалык жана башка атайын ишкердик жактарын уюштуруу укугун орнотуу максатында чыгарылат.

- көрсөтмө-укук актылары усулдук-маалыматтык мүнөздөгү буйруктарды аткарууну уюштурууга байланыштуу суроолорду жамааттын чечими жана

башка окуу жайдын актыларына таянып чыгарат.

2.5.2. Тартиптештирилген иш кагаздар:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтом, буйрук, көрсөтмө жана сунуштары мыйзамдардын негизинде аткарылат.

-жогорку бийликтегилердин тапшырмаларынын жана айкын иш кагаздарынын негизинде жүргүзүлөт.

Ал эми демилгелүү иш кагаздар окуу жайда тапшырылган маселени чечүү үчүн чыгарылат;

2.5.3. Жогорку бийликтегилерден окуу жайга келген тартиптештирилген иш кагаздар бөлүмчөлөргө жеткирилет. Өз алдынча тартиптештирүүчү иш кагаздарын чыгарууда, окуу жайга коюлуучу маселеге ылайык жогорку бийликтердин иш кагазынын мазмунуна жараша даярдап, ишке ашырууга тийиштүү айкын чараларды белгилейт. Эгер Жогорку бийликтердин тартиптештирилген иш кагазы айкындуулукту талап кылбаса, анда маалыматтагыч кат өзгөртүлбөй бөлүм-бөлүмчөлөргө көбейтүлүп жөнөтүлөт.

2.5.4. Буйруктардын,көрсөтмөлөрдүн жобо-жолдомо долбоор эрежелери тиешелүү түзүлүштүк бөлүмчөлөр жана юридикалык бөлүмдөр менен макулдашылып, ага жооптуу проректор кол белги коет. Кол белги иш кагаздардын биринчи даанасына коюлат.

2.5.5. Окуу жайдын атынан чыгуучу жобо-жолдомо, эреже жана буйруктар ректор тарабынан бекитилет.

2.5.6. Жобо-жолдомонун, эреженин долбоорлоруна, тиркемеге жана бардык тартиптештирилген иш кагаздарга түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчилери жана иш кагаздардын ээлери кол коюшат.

2.5.7. Буйруктагы жана көрсөтмедеги тиркеменин биринчи барагынын жогорку оң жак бурчуна тартиптештирилген иш кагаздардын аттары жылы, айы,күнү жана катар белгиси көрсөтүлөт. Тиркемеде,жолдомодо, жободо,эрежеде ага тиешелүү пункттун катар белгиси гана көрсөтүлөт.

2.5.8. Толук же анча-мынча баяндалуучу токтомдун тиркемесине жана өкмөттүн же бөлөк министирликтин,ведомствонун чөнөм-чектүү актысынын жогорку сол бурчуна жобону бекитүүчү бийликтин аты көрсөтүлөт. Мындай тиркемеге кол коюлбайт,бирок түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчилери милдеттүү түрдө кол белги коюшат.

2.6. Кызмат каттарына даярдык жана аны жабдуу.

2.6.1. Окуу жайдан чыгуучу кызмат иш кагаздары окуу жайдын үлгүсүндө басылып чыгат.

2.6.2. Тиешелүү түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчилери ректордун жана проректордун колу көрсөтүлгөн катка гана кол белги коюшат.
2.6.3. Аткаруучу жөнүндө белгилөө(аты,ата-теги, кызмат орду,телефон номуру) иш кагаздын тескери жагынын төмөнкү сол бурчуна же иш кагаздын оң бетинин акыркы барагына коюлат.
2.6.4. Жооп катка катар белгиси жана талаптын жылы, айы, күнү жазылат. Эгерде жооп кат көп даректер боюнча жөнөтүлсө, мүдөөнүн эсепке негизделип жөнөтүлөт.

2.7. Телеграмманы түзүү жана жабдуу, телефонограмманы өткөрүү жана кабылдоо.
2.7.1. Эгер тез аткаруу талап кылынса, кызмат иш кагаздын текстин телеграф аркылуу (телеграмма) жөнөтүүгө болот. Бул учурда төмөнкү эрежелер сакталат:
- нукта байламтасыз жана ат атоочсуз мүмкүн болушунча кыска түшүнүктүү баяндалат;
- текст машинкеде басылып даярдалып, эки сап аралыкта абзацсыз жана ташымалсыз жазылат.Тыбыш белгилери кыскача болушу керек;
- так телефондук номуру жана дареги көрсөтүлөт.
- телеграмманын тексти үч даанадан басылып чыгат. Бардык дааналарга ректордун жана башкы эсепчинин колу коюлат. Үчүнчү даанасына түзүлүштүк бөлүмчөнүн баштыгы кол белги коет;
- аткаруучу жөнүндө белги телеграмманын оң жак бетине коюлат.
- бир мазмундуу телеграмма көпчүлүк даректер боюнча жөнөтүүгө даярдалса,бардык дааналарына кол белги коюлат.Телеграмма окуу жайдын кеңсеси аркылуу жөнөтүлөт.
2.7.2. Телефонограмма аткарылуучу маалыматты берүү үчүн түзүлөт жана таза кагаздын барагына басылып жазылат, түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн жетекчилери кол коюшат, өзүнчө түзүлүштүк бөлүмчөлөргө өткөрүлөт жана кабыл алынат;
- телеграммада жылы,айы, күнү жана жөнөтүү, кабыл алуу убактылары, жөнөтүүчүнүн жана кабыл алуучунун аты, ата-теги, телефондук катар белгиси белгиленет.

2.8. Машинкеде жазуу жана көчүрмөнү көбөйтүү жумуштары.
2.8.2. Жазуучу машинкеде басып чыгаруу үчүн даярдалган материалдар так, күкүрт сыя менен жазылып, кылдат текшерилген болуш керек. Көп сандаган оңдоолору бар жүр-нары жазылган кол жазма материалдар басып чыгаруу үчүн кабыл алынбайт. Түзүлүштүк бөлүмчөнүн баштыгы

кол жазманы басып чыгарууга уруксат берет.

2.8.3. Кайталанып басылгандан кийин кол жазма аткаруучу менен жооптуу жетекчинин макулдугунун негизинде аткарууга жөнөтүлөт.

2.8.4. Машинкеде жазылган текст так,катасыз бир жарым сап аралыкта жазык менен туура жайгаштырылыш керек. Жогорку сийликтегилерге жөнөтүлүүчү иш кагаздын тексти эки сап аралыктан басылып жазылат. Текстти жайгаштыруунун эрежеси 4-тиркемеде берилген.

2.8.5. Кызмат иш кагаздарын көбейтүү төмөнкү талаптарды сактоо менен жүргүзүлөт.Кызмат иш кагаздарын көбейтүүгө тийиштүү даярдыктар:

- топтоого тийиштүү болбогон күбөлүк иш кагаздарын көбейтүү ишин түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчилери жана аткаруучулары аткарышат;
- буйруктарды,чечимдерди көрсөтмөлөрдү жана ректордун колу же буйрук белгиси үчүн иш кагаздарды көбейтүү түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн жетекчилеринин уруксаты аркылуу гана жүргүзүлөт;
- көбейтүүгө тийиштүү иш кагаздар кылдаттык менен текшерилип, кол коюлган жана күбөлөндүрүлгөн болуш керек;
- аткаруучунун өзүндө калуучу иш кагаздын экинчи даанасына керектөөнүн эсеби менен саны жана аткаруучунун колу көрсөтүлөт;
- иш кагаздарды көбейтүү учурунда ондоого, толуктоого жана сунуш киргизүүгө жол берилбейт;
- иш кагаздар берилген жобонун эрежесин бузуу менен түзүлсө, анда көбейтүүгө кабыл алынбайт;

2.8.6. Көбейтүүгө тийиштүү иш кагаздардын тексти эки сап аралыктан басылат, ал үчүн бардык жактарынын чеги 20 мм ден кем болбош керек.

2.9. Иш кагаздардын көчүрмөлөрү.

2.9.1. Кызмат иш кагаздарынын көчүрмелеру бөлүмчөлөрдө даярдалып жогорку берилет. Жеке өзүндө чыга турган жана чыккан иш кагаздарды жана көчүрмөлөрдү гана күбөлендүрө алат. Ошондой эле жумушка кабыл алуу,окуу жайдын кызматчыларынын өздүк ишин түзүү,турак-жай эмгектик камсыз кылуу ж.б.у.с. суроолорду чечүү боюнча иш кагаздардын көчүрмелерүн окуу жайда даярдоого уруксат кылынат.

2.9.2. Иш кагаздын көчүрмесү окуу жайдын үлгүсүндө аткарылса,анын тексти мазмунуна алайыкташтырылып, милдеттүү адам кол коюп күбөлендүрөт. Эгерде көчүрмө окуу жайдын үлгүсүнө даярдалбаган болсо, анда дөрөк мөөр менен бекитилип,белгилеө коюлат. Күбөлөндүрүлүүчү

таризге "туура" кызмат орду, күбөлөндүрүүчүнүн өздүк колу, аты, ата-теги, көчүрмөнүн күбөлөндүрүлгөн анык убактысы коюлат. Иш кагаздын көчүрмөсүн бөлөк мекемелерге жөнөтүүдө же башка адамдын колуна өткөрүүдө ага мөөр коюлат. Иш кагазда инсандын өздүк укугуна жана кызыкчылыгына таандык көчүрмөнү аткарууда кайсы көчүрмөдөн алынганы,качан жана кимге берилгени жазылат. Ошону менен катар көчүрмөнүн негизги нускасы кайда сакталаары тууралуу белгилөөсү да көрсөтүлөт.

2.9.3. Түзүлүштүк бөлүмчөдө даярдалган иш кагаздарда алардын көчүрмөлөрүнүн даанасы,иш кагазды түзүүчүнүн кол бөлгиси жана макулдук берилгендиги тууралуу кол бөлги туруш керек. Бул даанада нускоого кол коюуда жасалган бардык оңдоолор киргизилет.Үлгүнүн текстти кайра иштетилбейт. Ага кол койгон учурдагы жылы, айы, күнү жана катталуу шартуу белгиси жазылат. Кол төмөнкүдөй таризде күбөлөндүрүлөт. "туура" инспектор (колу) Баяс Абылбайыз уулу Өкметтүк бийликтегилердин иш кагаздарынан көчүрмө алууга уруксат берилбейт.

2.9.4. Окуу жайдын архивинде сакталуучу иш кагаздардын көчүрмөсү окуу жайдын жетекчисинин уруксаты менен гана жазуу түрүндегү талаптар аркылуу гана архивден берилет.

3. Иш кагаз айландыруусун уюштуруу.

3.1. Иш кагаз айландыруунун жалпы эрежеси.

3.1.1. Окуу жайда иш кагаз айландыруу- бул иш кагаздарды алган же түзгөн учурдан баштап аткарылып бүткөнгө же жөнөткөнгө чейинки учурдагы иш кагаздардын кыймылы.

3.1.2. Окуу жайдагы иш кагаз айландыруунуу уюштуруу төмөнкү талаптарга жооп бериши керек;

- иш кагаздардын өтүүсү аткарылуучу максатка багытталган жана ыңгайлуу шартта жүзөгө ашырылган болуу керек;
- шартта баган иш кагаздар да өтүү инстанцияларында зарыл түрдө белгиленет.
- негизги иш кагаздарды иштетүү жана өтүү тартибинде эң жогорку бир түрдүүлүккө жеткирүү.

3.2. Кирүүчү иш кагаздарды аткаруунун жана өтүүнүн тартиби.

3.2.1. Окуу жайга келген корреспонденцияны кабылдоону жана иштетүүнү кеңсе ишке ашырат. Конверттердин бүтүндүгү жана иш кагаздардын бар болуусу текшерилет.

3.2.2. Тапшырылуучу корреспонденция кеңселер тарабынан катталуучу жана катталбоочу болуп бөлүштүрүлөт (тиркеме 4-а, бекитилген тизмеге ылайык катталбоочу иш кагаздар). Катталуучу иш кагаздар кол бөлгү коюлгандан кийин каттоодон өткөрүлөт. Катталбоочу иш кагаздар окуу жайдын кафедраларына жана деканддыктарына, дарегине ылайык өткөрүлөт.

3.2.3. Иш кагаздарды кароого же аткарууга өткөрүүдө алардын керектүүлүгү шартталып, түзүлүштүк бөлүкчөнүн абройлуулугуна же милдетине ылайык кызматтагы адамга гана жөнөтүлөт. Эгер иш кагаздар натура даректелген болсо, анда алар жөнөтүлгөн ордуна кайра жиберилет. Өкмөттүк ж.б. жогорку бийликтегилердин ошондой эле окуу жайдын ишкердигинин так-туура суроолору боюнча керектүү иш кагаздар менен зарыл маалыматтары жетекчилердин кароосуна өткөрүлөт.

3.2.4. Катталган иш кагаздар ошол эле күнү жетекчилерге же аткаруучуларга өткөрүлүп берилет. Эгерде тапшырылган иш кагаздардын башка иш кагаздарга шилтемеси болсо,анда акырында калтырылып башка иш кагаздар менен чогуу жетекчилерге өткөрүлүп берилет.

3.2.5. Буйрук белги-бул иш кагаздарды кароонун натыйжасы. Тартиби боюнча так жана толук көрсөтүлөт.Эреже катары иш кагаздарда бирден көп эмес буйрук белги гана болууга тийиш. Буйрук белгилер көп болсо, анда катар белгиси коюлган тартипте аткарылат. Катар белги жок учурда буйруктун акыркысынан баштап аткарылат.

3.2.6. Иш кагазды аткаруу үчүн буйрук белгиде биринчи болуп көрсөтүлгөн инсан жооптуу болот. Жооптуу аткаруучуга бирге аткаруучуларды чакыруу укук мүмкүнчүлүгү берилет. Ошондой эле жооптуу аткаруучуга иш кагаздын нускасы өткөрүлөт. Ал бирге аткаруучуларга иш кагаздын нускасын тааныштырып, аткарууга коюлган убакытты белгилөөгө милдеттүү. Иш кагазды бирге аткаруучулар жооптуу аткаруучунун талабы боюнча бардык керектүү материалдарды топтойт. Алар иш кагаздын өз убагында сапаттуу аткарылышына бирдей жоопкердүү.

3.3. Даярдоо учурунда чыгуучу иш кагаздардын өтүү тартиби.

3.3.1. Чыгуучу иш кагаздардын өтүүсү-буга аның долбоорун түзүү, даярдоо,келишүү, зарыл учурда кол белги коюу, каттоо жана жөнөтүү. Иш кагаздын долбоору менен алдын ала таанышып жана макулдашылгандан кийин аны даярдоого катышкан бардык катышуучуларга берилип жана көбейтүлүүгө мүмкүн. Аткаруучу кол коюуга өткөрүп бергенге чейин аның мазмуну жагынан туура аткарылышын, керектүү кол белги жана иш

кагазга тиркелген тиркеменин бар экендигин текшерүү керек.Иш кагаз кайсы негизде даярдалгандыгына карата материалдар менен чогуу кол коюуга берилет.

3.3.2. Кол коюлуп, катталган чыгуучу кабарлар жөнөтүлүү үчүн кеңселерге өткөрүлөт.Туруктуу даректер боюнча жөнөтүлүүчү иш кагаздар үчүн басмаканалык жол же оперативдүү көбейтүү каражаты менен жазылган даректүү конверттер колдонулат. Почталык жөнөтүү түркүмү жөнүндө белгилөө менен толук жабдылган иш кагаздар кеңселерге өткөрүлүп берилет (жөнөкөй жөнөтүүдөн бөлөк).Өтө зарыл эмес иш кагаздарды муктаждык кат боюнча жөнөтүү сунуш кылынбайт. Кеңседе иш кагаздардын жабдылышынын тууралыгын, көрсөтүлгөн тиркеменин бар экендиги текшерилет. Натуура жабдылган иш кагаздар аткаруучуларга кайтарылып берилет.

3.4. Иш кагаздарды кабыл алуунун жана өткөрүп берүүнүн тартиби.

3.4.1. Кирүүчү, чыгуучу жана ички иш кагаздарды кабыл алуу жана өткөрүү тил катсыз ишке ашырылат. Текшерилүүчү ж.б. көбүрөөк көректүү иш кагаздары тил кат менен өткөрүлөт.

3.4.2. Түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн чегинде иш кагаздарды өткөрүү, ага ылайык белги коюу катчылар аркылуу жүргүзүлөт. Иш кагаздар милдеттүү тартипте аткарууга коюлат.

3.5. Иш кагаз айландыруу көлөмүнүн эсеби.

3.5.1. Иш кагаз айландыруу көлөмү-бул окуу жайга белгилүү убакыттын ичинде чыгуучу, кирүүчү жана ички иш кагаздардын саны. Бардык кирүүчү, чыгуучу жана ички иш кагаздар сандык эсепке кирет. Иш кагаз айландырууну көлөмүн аныктоодо оперативдүү көбейтүү каражаты менен даярдалган негизги иш кагаздардын жана дааналарды (көрмөлөрдүн) саны эсептелинет. Жалпы саны белчөк менен көрсөтүлөт: алымында негизги иш кагаздын саны, ал эми бөлүмүндө көчүрмөнүн саны берилет.

3.5.2. Түзүлүштүк бөлүмдчөлөрдө чыгуучу жана ички иш кагаздарга өзүнчө эсебин киргизүү сунуш кылынат, ал эми атуулдардын каттары жана кабарлар түрлөрү боюнча иш кагаздардын саны болуп эсептелинет. Ички иш кагаздардын саны,ар бир иш кагазда бир жолудан гана болууга тийиш.

3.5.3 Түзүлүштүк бөлүмчөлөрдө иш кагаз айландыруунун көлөмү системдештирилген түрдө эсепке алынып жана талдоонун сапатын жакшыртуу боюнча иш жүргүзүү жолго коюулууга тийиш.

Иш кагаздарын айландыруу эсебинин маалыматтык таризи.

3.5.3.н.гө - тиркеме.

Түзүлүштүк бөлүмчө	кирүүчү		чыгуучу		ички
	иш кагаздардын тобу боюнча	кабарчы боюнча	иш кагаздардын тобу боюнча	дарекчөөч б-ча	иш кагаз-н тобу б-ча

жыйынтыгы

түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчиси (колу)

4. ИШ КАГАЗДАРДЫ КАТТОО ЖАНА МААЛЫМАТТАГЫЧ АППАРАТТАРДЫ ТҮЗҮҮ.

4.1. Иш кагаздарды каттоонун жалпы эрежеси.

4.1.1. Каттоонун максаты - иш кагаздарды издөөнү, көзөмөлдөөнү жана тактоону камсыз кылуу. Кирүүчү иш кагаздарды каттоо ошол эле түшкөн күнүндө, ал эми чыгуучу жана ички иш кагаздар кол койгон күндөн баштап ишке ашырылат.

4.1.2. Сөзсүз катталуучу иш кагаздарга жогорку биликтегилерден келүүчү же алардын дарегине жөнөтүлүүчү керектүү ички иш кагаздар (буйрук, чечим, токтом, өздүк курамдар боюнча буйрук,баяндама катчалар ж.б.эмгекчилердин каттары) тийиштүү.

4.1.3. Катталууга тийиш эмес бекитилген иш кагаздардын тизмеси окуу жайдан бардык катталбоочу иш кагаздарынын таризине кирет.Тиз-

меде маалымдоо үчүн ар түрдүү кабарлар, куттуктоо кат-телеграммалар, чакыруу билеттери киргизилген. Түзүлүштүк бөлүмчөлөрдө өзгөчө такталган таризде эсептөлинген болуш керек. Мисалы: Түзүлүштүк бөлүмчөлөрдө, ведомстволук эсеп жайларында ар айлык жана чейректик аткарыктардын эсеби алынат.

4.1.4. Көңсөлөрдө төмөнкү маалыматтагыч материалдар колдонулат:

- каттоого тийиш эмес иш кагаздардын тизмеси;
- түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн тизмеси;
- иштин номенклатурасынын тизмеси,
- окуу жайдын жетекчилеринин арасында жоопкерчиликти бөлүштүрүү тизмеси.

4.2. Иш кагаздарды шарттуу белгилөө.

4.2.1. Иш кагаздарга катталуучу катар белги жана каттоодогу шарттуу зарыл белгилер коюлуп, алар түзүү же аткаруу мезгилинде көрсөтүлгөн ордунда сакталат.

4.2.2. Чыгуучу жана ички иш кагаздардын шарттуу белгиси катталуучу иш кагаздардын катар белгисинен жана иштин атамалар тизмеги боюнча иштин шарттуу белгисинен турат.

4.2.3. Буйрук иш кагаздарынын шарттуу белгилери (чечим, буйрук, негизги ишкердиктер жана өздүк курамдар боюнча буйруктар ж.б.у.с.) иш кагаздардын түрүнө жараша өз алдынча ыйгарылат. Алардын катталуу катар белгиси болуп токтом эсептөлинет.

4.3. Иш кагаздардын түрү жана аларды толтуруунун тартиби.

4.3.1. Текшерилүүчү жана кирүүчү көрөктүү ички иш кагаздарды каттоо үчүн катталуучу карточкалар же кафедралар үчүн карточкалардын бардык баптарын чагылдырган каттоо журналы колдонулат.

4.3.2. Текшерүү иш кагазына катталган текшерүү карточкалары кол жазма менен үч даанадан толтурулат.

4.3.3. Карточкалардын күндүк чеги иш кагаздын аткаруу мөөнөтүн текшерүү үчүн колдонулат. Эгер алдын ала күн талап кылса, анда иш кагаздын аткаруу мөөнөтүнө бир күн ашык берилет.

4.3.4. "Кабарчы" тилкесинде мекеменин аты, иш кагаз кайдан келгендиги жана өткөн белгилөрү жазылат.

4.3.5. "Иш кагаздын шарттуу белгиси" тилкесинде даярдалган жылы, айы, күнү жана кагазды жөнөтүүчүнүн иш кагазга ыйгарган шарттуу белгиси коюлат.

БИБЛИОТЕКА
Инв. № 74053

4.3.6. "Иш кагаздын шарттуу белгиси" тилкесинде иш кагаздын этүү күнүн жана шарттуу белгисин белгилее иш жүргүзүүчүлөрге тапшырылат.
4.3.7. "Кыскача мазмуну" тилкесинде иш кагаздын түрү же кыскача мазмуну көрсетүлөт.
4.3.8. Текстин мазмуну белгилүү буйрукта эмесинин аты, ата-теги жана жылы,айы, күнү көрсетүлөт.
4.3.9. Иш кагазды аткаруу жөнүндө буйрукта мааниси боюнча суроолорду чечүү чагылдырылат.Жооп иш кагаздарында шарттуу белгиси жана күнү жазылып,түзүлүштүк бөлүмчөнүн башчысынын же аткаруучунун колу коюлат.
4.3.10 "Белгилөө тилкеси" тилкесине аткаруу убактысы, күнү, текшерилгендиги жөнүндө белгилее жана иш кагаздарды аткарууда байкалган негизги кемчиликтердин мааниси киргизилет.
4.4. Маалыматтагыч аппараттын түзүлүшү. Кеңседеги картотекалар керектүү иш кагаздарды издөөгө жана алардын аткарылышы жөнүндө маалымат алууга жардам берет.
4.4.2. Маалымат картотекасы эки бөлүктөн түзүлөт: иш кагаздарды аткаруу жана аткарбоо. Картотеканын 1-бөлүгү: аткаруучулар аларды аткаруу учурунда иш кагаздарды издөө үчүн кат-кабарчылыкка же аткаруу мөөнөтүнө кызмат кылат. Картотеканын 2-бөлүгү: белгилүү суроолор боюнча иш кагаздарды изилдөө үчүн тартип жана тактоо колдонулат. Бөлүмдүн 1-бөлүгүндөгү карточкаларда иш кагаздарга коюлган аткаруу чеги боюнча зарыл белгилөөлөр 2-бөлүгүндөгү карточкаларга жайгаштырылат.

5.ИШ КАГАЗДАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН ТЕКШЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ.

5.1. Иш кагаздарды аткаруудагы текшерүү эрежелери.
5.1.1. Иш кагаздарды аткаруу үчүн текшерүүнү уюштуруу - аларды өз учурунда жана сапаттуу аткарууну камсыздандырат.Уюштуруу иши коюлган мөөнөттө иш кагаздарын текшерүүнү,тактоону жана талдоону жөнгө салып,текшерүү ишинин натыйжаларын өзүнө камтыйт.
5.1.2. Милдеттүү текшерүүгө төмөнкүлөр тийиштүү:
- жетектөөчү бийликтегилердин токтому, билим берүү боюнча Кыргыз Республикасынын буйрук иш кагаздарн;
- түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн иштери жана тапшырмалары;
- окуу жайлардын жетекчилеринин текшерүүсүнө коюлган иш кагаздар;
- башка учурда окуу жайлардагы текшерүүнүн кошууну бардык талап

кылнуучу иш кагаздарды өз убагында жана сапаттуу аткарууну камсыздандырат.

5.1.3. Иш кагаздарды өз учурунда жана сапаттуу аткарууну уюштуруу үчүн жоопкерчилик түзүлүштүк бөлүмчөнүн жетекчилеринө тапшырылат.

5.1.4. Иш кагаздарды аткаруу төмөнкүлөргө тапшырылат:

- Кыргыз Республикасынын өкметүнүн буйруктары жана токтомдору - ректордун жардамчысына;
- жогорку бийликтегилердин тапшырмасы - көңсөнүн башчысына;
- түзүлүштүк бөлүмчөлөрдө иш кагаздарды аткаруу үчүн текшерүүчү катчыга же жетекчи инсанга ошондой эле иш жүргүзүү боюнча атайын дайындалган жоопкерчиликтүү адамга тапшырылат.

5.1.5. Окуу жайдагы иш кагаздардын иштеркердигинин себебин алуучу тизмеде текшерүүгө тийиштүү иш кагаздардын аткаруу мөөнөтү жана чөнөм-чектүү актысы белгиленет. Окуу жайдын жетекчилеринин көрсөтүүсү боюнча тизмеде көрсөтүлбөгөн иш кагаздар текшерилүүгө коюлушу мүмкүн.

5.2. Иш кагаздарды аткаруунун мөөнөтү.

5.2.1. Иш кагаздарды аткаруунун мөөнөтү түрдүү жана жекече болушу мүмкүн.

5.2.2. Иш кагаздарды аткаруунун түрдүү мөөнөтү текшерүүгө тийиштүү жалпы иш кагаздардын түркүмү үчүн олуттуу мыйзамга жана үлгү тизмеге ылайык түзүлөт. Калган иш кагаздарды аткаруу мөөнөтү эреже катары 10 күндөн көгөру болбош керек.Татаал мүнөздө аткарылуучу иш кагаздарга узак убакытка созулган мөөнөт берилет.

5.2.3. Кебүрөөк көрөктүү иш кагаздар үчүн жекече аткаруу убакыты иш кагаздын өзүндө көрсөтүлөт же окуу жайлардын жетекчилери тарабынан түзүлөт.Башкача айтканда жекече мөөнөт жетекчилердин буйрук белгисинде берилет.Иш кагаздын узакка созулган мөөнөттө аткарылышын аныктоодо жатын мазмуну жана тажрыйбалык мүмкүнчүлүгү эске алынат.Жекече мөөнөт жетекчилердин буйрук белгисинде берилет.

5.2.4. Иш кагаздарды аткаруунун мөөнөтү белгиленеден өткөн учурдан баштап саналат.

5.2.5. Иш кагаздарды аткаруу мөөнөтүн аны койгон инсан же мекеме узартышы мүмкүн. Эгерде иш кагаздардын аныкталбаган мөөнөтү такталбаган болсо, анда аткаруучулардан алынаары менен дароо узартылууга жиберилет жана 2-3 күндүн аралыгында аткарылууга тийиш.

5.2.6. Иш кагаздын аткарылгандыгы тууралуу текшерүү, иш кагазды текшерүүгө койгон учурдан баштап ишке ашырылат. Иш кагаздарды аткаруу учурундагы кармалуусунун себебин билип, жолтолордун четтетилишине жана ез убагында сапаттуу аткарылышына кенселер чара керүүгө милдеттүү.

5.3. Иш кагаздардын аткарылышын кеземелдее.

5.3.1. Керсетме жана ички буйрук иш кагаздарын кеземелдее карточкалардын жардамы менен аткарылат.

5.3.2. Атайын кеземелдее карточкасына аткаруу боюнча карточкалар толтурулат.

5.3.3. Текшерилүүчү иш кагаздарына жана текшерүү карточкаларына текшерүү белгиси коюлат.

5.3.4. Берилген иш кагаздардын журушунде "Текшерүү белгилери"тилкесине текшерүү карточкалары киргизилет, ошон үчүн мурунку жазуулар өчүрүлөт.

5.3.5. Эгер иш кагазга коюлган суроолор чечилсе жана кабарчыга мааниси боюнча жооп берилсе,анда иш кагаз аткарылган болуп эсептелинет. Эгерде аткаруу ишти кагаздаштырылбаган болсо, анда аткарылгандыгы жөнүндө белгилее иш кагаздын кеземелдее карточкаларына жазылат. Аткарылган иш кагазга жана кеземелдее карточкасына түзүлүштүк белүмчөнүн жетекчиси ез колун жылын, айын жана күнүн коюп белгилее күргүзет.

5.3.6. Иш кагаздар аткарылгандан кийин текшерүүдөн алынып коюлат. Аны текшерүүгө койгон гана киши текшерүүдөн ала алат, ошону менен бирге иш кагазды жана карточкаларды текшерүүдөн алуу жөнүндө белгилее коет.

5.4. Берилген иш кагаздарды аткарууда жалпылоо жана талдоо.

5.4.1. Текшерүүчү иш кагаздарды жалпылоонун жана талдоонун жыйынтыгы жөнүндө корутунду чыгарылат. Жалпылоо жана талдоо тиркеменин негизинде жүргүзүлөт.

5.4.1.н.га тиркеме

ТИЗМЕ.

_____ колдонулбаган иш кагаздар

I9__ж._____ абалы боюнча коюлган мөөнөт.

кк №№	Иш кагаз кайдан келген, анын №, айы,күнү	иш кагаздын кыскача мазмуну	аткаруу мөөнөтү	Аткаруу-чунун ата-теги, кызмат орду	аткарыл-багандыгы жөнүндө себеби, мөөнөтү	Аткаруу абалы	аткаруу убактысы

Көнсе башчысы (колу) (жылы,айы,күнү)

Эскертүү : түзүлүштүк бөлүмчөнүн - аткаруучулары 6 - 8 тилкелерди толтурушат.

6.ИШТИ УЮШТУРУУ ЖАНА АТАМАЛАР ТИЗМЕСИН ТҮЗҮҮ.

6.1. Иштин атамалар тизмесин түзүү.

6.1.1. Иште иш кагаздарды белгилүү суроолору боюнча жө кептүгү боюнча топтоштуруу окуу жайлардын ишмердик бөлүгүнө сунуш кылынат.

6.1.2. Окуу жайлардын түзүлүштүк бөлүмчөлөрүндө иштин атамалар тизмеси иш кагаздарды бөлүштүрүү, топтоштуруу максатында иштин шарттуу белгиленишин бекитүү жана аларга коюлган мөөнөтүн сактоо үчүн түзүлөт. Иш кагазды аткарууда иштин атамалары күнүмдүк сактоо иши үчүн(1Ожылга чейин)киргизилинип,маалымат картотекасынын тизими жана окуу жайлардын архивинин эсептүү иш кагазы катары кызмат кылат.

6.1.3. Иштин атамалар тизмесин бөлүмчөлөрдүн жетекчилери көнседеги баштамал кызматчылардын жардамы менен макулдашып иштеп чыгышат.

6.1.4. Жыйынтык атамалар тизмө иши архивдерде жана окуу жайлардын көнсөлөринде борбордук мамлекеттик архивдин макулдашуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аркылуу даярдалат. Бөлүмчөлөр иште колдонуу үчүн көчүрмөлөрдү иштин атамасынын жыйынтыгын ректор бекиткенден кийин алышат.

6.I.4.н.га тиркеме

Министирликтин наамы

Окуу жайлардын, укмдардын, ишканалардын наамы

Иштин атамалар тизмеси

жылы, айы, күнү, шарттуу белгиси

Бекитүү мөөр белгиси

I9____ жылга

Иштин шарттуу белгиси	Түзүлүштүк бөлүм-чөнүн жана иштин наамы (же иштин багыттамасы)	Иштин саны (том-дор)	сакталуу мөөнөтү жана тизме боюнча берилиши	Эскертүү
I	2	3	4	5

Киргизилген иштин саны жана түркүмү боюнча жыйынтыктап жазуу

Сакталуу мөөнөтү боюнча	бардыгы	өтүүчү
туруктуу (I0 жылдан көгөрү)		
күнүмдүк (I0 жыл ичинде)		
күнүмдүк		

жыйынтыктоо

колу

архивдин мекеме менен макулдашуу мөөр белгиси

А4(2I0 × 297) формати

6.1.5. Окуу жайлардын жыйынтыкталып бекитилген атамалар иш тизмеси бир нече жыл боо иштейт. Эгерде милдети жана түзүлүшү түп тамыры менен өзгөрүлсө,анда аларды кайра бекитип жаңыча түзүш керек. Эгер өзгөрүү болбосо анда атамалар тизмеси ар бир жылдын аягында такталат жана кийинки жылдын январь айынын 1-нен баштап ишке киргизилет.

6.1.6. Атамалар иш тизмесин түзүү үчүн:

- иш кагаздын негизги түзүлүшү,саны,мазмуну, түзүлүштүк бөлүмчөсү, окуу жайлардын иши жөнүндегү мерчеми жана аткарылы, штаттык түзүлүшү тууралуу иш кагаздардын тизмеси, өткөн жылдагы иштин атамалары, түзүлүштүк бөлүмчөнүн жана кабарчылардын тизмеси, ишти туруктуу жө убактылуу сактоо үчүн (10 жылдан жогору) жазуу тизмеси, маалымат карточкалары, окуу жайдын уставы.

6.1.7. Бардык иштер жана иш кагаздар атамалар тизмесине кирет.Алар иштин иш кагаздаштыруу бөлүгүн жана окуу жайлардын ишкердиги жөнүндегү атайын суроолорун камтыйт.

6.1.8. Атамалар тизмесине кирген ар бир иштин так аныкталган шарттуу белгиси болууга тийиш. Шарттуу белги түзүлүштүк бөлүмдүн белгилөөсүнөн жана түзүлүштүк бөлүмдүн чегиндеги иштин катар номурунан түзүлөт. Иштин атамалар тизмесинде эреже катары ар түрдүү түзүлүштүк бөлүмчөлөрдүн чегиндеги бир текгүү иштер үчүн бирдей тартиптеги номурлар сакталышы керек.

6.1.9. Атамалар тизмесинде бөлүмдөрдүн жана ички бөлүмчөлөрдүн аткарган ишине жараша ат берилет. Атамалардын биринчи бөлүмүндө көнсө, түзүлүштүк бөлүмчөлөр кийин бир маанилүү тартиптеги окуу жайлардын бөлүмчөлөрү,коомдук башталыштар жана коомдук уюмдар жайгаштырылат. Иштин нуктасы атамалар тизмесине ылайык бөлүмдөрдө жана ички бөлүмчөлөрдө көрсөтүлөт. Алар энык иш кагаздаштырылуучу иштин бөлүгүнүн жана окуу жайлардын кызмат суроолорунун негизинде түзүлөт. Аларга киргизилген каттардын (тил кат) же иш кагаздардын түрлөрү (буйруктар, токтомдор) иш кагаздардын өзөи тууралуу маалыматтар жана окуянын жылы, айы, күнү кошулат. Иштин нуктасын түзүүдө анык болгон окуялардын жана кубулуштардын ошондой эле саясий туура маалыматтардын так жана кыска түзүлүшүн чагылдыруу сакталат.

6.1.10. Ар бир жылда окуу жайларындагы жумуштун жаңы бөлүгү иш кагаздаштырылса, анда алар атамалар тизмесине кошумча жазылат. Ушул

максатта анын бул бөлүмүнө кошумча белгилер киргизилет.

6.1.11. Иштин саны боюнча жалпы жазылуу жылдын акырында жана иштин атамаларынын аягында жүргүзүлөт.

6.2. Ишти түзүү.

6.2.1. Түзүлүштүк иш кагаздар өзүнүн бөлүмчөсүнүн тармагы боюнча түзүлөт.

6.2.2. Ишти түзүүдө иш кагаздардын түзүлүшүн жана көлөмүн зарыл түрдө сактоо керек. Иш кагаздардын түзүлүшүндө ишке тийиштүү эмес булганган өзгөрмөлүү жана кайтарылууга тийиштүү иш кагаздардын киргизилишине жол берилбейт. Иш кагаздарды топтоштуруу учурунда алардын жабдылышынын тууралыгын текшерүү зарыл (коюлган колу, жылы, айы, күнү, шарттуу белгиси жана күбөлөндүрүлгөн колу, белгилөө номуру ж.б.у.с.бар болуш керек). Өзүнчө иште иш кагаздар туруктуу жана убактылуу сактоо мөөнөтүндө топтоштурулат. Ар бир иш 250-дөн көп эмес баракты кармап туруш керек (калыңдыгы 30 - 40 мм).

6.2.3. Иш кагаздар бир жылдык (күнүмдүк) иш жүргүзүүчүлүк иште топтоштурулат.

6.2.4. Чоң көлөмдүү тиркеме өзүнчө томдо топтоштурулат. Анча чоң эмес тиркеме өзүлөрүнө тиешелүү болгон иш кагаздарга тиркелет. Иш кагаздар иштин ичинде тиги же бул суроолорду чечүүдө жана ойлук удаалаштыкты тактоодо жайгаштырылат. Ушундай систем иш кагаздарды жылы, айы, күнү боюнча жайгаштыруу менен дал келет(кол койгон жылы, айы, күнү ,кирүүсү, аткарылуусу).

6.2.7. Хронологиялык тартипте иш кагаздарды туруктуу мөөнөттө сактоодо, мурдагы иш кагаздар иштин башында жайгаштырылат.

6.2.7. Жөндүн кеңсеси усулдук жетектөөнү жана ишти туура түзүү үчүн көзөмөлдөөнү аткарат.

6.3. Башка түрдөгү иш кагаздарды системдештирүү.

6.3.1. Тартиптештирилген иш кагаздардын түрлөрү хронологиялык чек боюнча топтоштурулат.

6.3.2. Окуу жайдын буйруктары түзүлүштүк бөлүмчөлөр боюнча топтоштурулат.

6.3.3. Мерчемдөр,аткарыктар иш кагаздардын долбоорунан башка топтоштурулат.

6.3.4. Өздүк иште иш кагаздардын ички тизмеси төмөнкү тартипте жайгаштырылат:жумушка кабыл алуу тууралуу арыз,багыттама жө сунуш; ишкерлерди тактоо боюнча барак, өз таржымалы, билими тууралуу кү-

бенаама,ишке алынгандыгы же бекитилгендиги ошондой эле которулгандыгы же бошотулгандыгы тууралуу буйруктан кечүрме, ишкерлерди тактоо боюнча өздүк барагына кошумча, сыйлык үчүн өздүк баракка кошумча, ошол адамга таандык маалыматтагычтар, жана башка иш кагаздар (көрсетүлгөндөрдөн башка н.6.3.8.). Бул топтогу иш кагаздар хронология чегинде жайгаштырылат. Коюлган жаза, сыйлоо, тегинин өзгөргөндүгү тууралуу ж.б.у.с.кошумча жазууларды киргизүүгө байланыштуу өздүк баракчалар ишкерлерди тактоо боюнча өздүк ишке жатпайт.

6.3.8. Жашаган жери тууралуу маалыматтагыч, медициналык маалыматтагыч ж.б. негизги эмес иш кагаздар өздүк иштен бөлүнүп түзүлөт.

6.3.9. Атуулдардын сунуштары, арыздары, даттануулары өзүнчө түзүлөт.Бул иште иш кагаздар хронологиялык же алфавиттик тартипте жайгаштырылат.Ар бир арыз (даттануу) жана каралууга тийиштүү иш кагаздар ез алдынча топту түзөт. Экинчи ирээт түшкөн арызды (дат) же кошумча иш кагаздарды алган учурда алар берилген топтогу иш кагаздарга тиркелет.

6.3.10. Кат алмашуу иштери календардык жылдар боюнча топтоштурулат. Кат алмашуу ишинде бардык суроолорду чечүүдө келип чыккан хронологиялык удаалаштыктын негизиндеги систем иш кагаз-талаптан алынып, жооп иш кагаздын аркасында жайгаштырылат. Ушул жылдагы иш кагаздар ишке I жыл мурда иштин шарттуу белгиси менен киргизилет жана кат алмашуу кайрадан белгилүү суроолор боюнча сактөлат. Өкметтүк жана жогорку мекемелерде кат алмашуу айкын суроолор боюнча топтоштурулат.

7.ИШ КАГАЗДАРДЫ ТУРУКТУУ САКТООГО ЖАНА КОЛДОНУУГА ДАЯРДЫК.

7.1. Баалуу иш кагаздарга илимий жана практикалык жактан баалоо жүргүзүү.

7.1.1. Иш кагаздарга баалоо жүргүзүү окуу жайдын баалооч укук топтору тарабынан аткарылат.

7.1.2. Борбордук баалооч укук топко ректордун буйругу менен 3-5 кишиден турган жетекчи кызматчылардын ичинен бирөө төрагалыкка бекитилет жана жоболорун иштеп чыгарат. Баалооч укуктоп өзүнүн ишиндеги жолдомолорго, иштин атамасына, тизмесине жана Кыргыз Республикасынын укуктуруу иши боюнча иш кагаздарына жетекчилик кылат. Окуу жайдын борбордук баалоочу (аттестация) укук топтору:

– иштин атамалар тизмесинин жыйынтык долбоорун карайт;
– иш кагаздарды сактоо жана жок кылуу ишин жыл сайын уюштурат;
– туруктуу сактоо ишинде өздүк түзүлүштүн тизмелөө боюнча Республиканын Мамлекеттик архивинин баалап-текшерүүчү укуктобун бекитет. Алардын сунушу боюнча чечим киргизилет. Андан ары сактоого тийиштүү эмес иштн жоюу тууралуу акты түзүшет;
– башка түркүмдегү иш кагаздардын сакталуу убактысын өзгертүү жөнүндө тизмеге Республиканын Мамлекеттик архиви тарабынан киргизилген сунушка чечим чыгарууну карайт;
– баалоочу укуктоп окуу жайдын архивинин ишин жана иш жүргүзүү боюнча башка усулдук колдонмону жана түрдүү иштин болжолдуу атамалоосун ошондой эле иш кагаздын долбоорлорунун тизмесин даярдоого катышат.Түзүлүштүк белумчелердун иш жүргүзүүчүлөрү өзүнче тандалып алынган иш кагаздарды иштеп чыгышат. Окуу жайдын кеңсеси укук тонко усулдук жардам көрсөтөт.Укуктоптун көңөшмеси токтомдоштурулат.

7.1.3. Баалоочу укуктоптун чечимин окуу жайдын жетекчилери бекитишет.Ал эми милдеттүү бекитүү республиканын Мамархивине тийиштүү мисалы:

– туруктуу сактоого тийиштүү иште өздүк курамы боюнча тизмелеөнү укуктоптун чечими боюнча бекитүү;
– иш кагаздарды сактоонун мөөнөтүн кыскартуу жөнүндө көрсөтүлгөн түрдүү жана ведомстволук иш кагаздардын тизмесин, иштин болжолдуу атамаларын сунуш кылуу;
– көлгөн мөөнөттө иш кагазды сактоодо иштин болжолдуу атамалар тизмеси жөнүндө сунуш киргизүү.

7.1.4. Иштн жоюу жана иш кагаздарды талдоо акт менен аткарылат. Акт укуктоп тарабынан каралып чыгат. Укуктоптун терагасы жана мүчелөрү кол койгондон кийин окуу жайдын жетекчилери актыны бекитишет. Ал эми Республиканын Мамархиви тизмелеөнү иш кагаздарга киргизилген актыны койгондон кийин гана туруктуу сактоо ишине ылайык белгилүү убакытта бекитет.

7.2. Иштн жабдуу.

7.2.1. Иштн жабдуу – бул иштн мукабага, чакан китепчеге баяндоо, баракгын катар белгисин коюу жана күбөлөндүрүлгөн жазууну түзүү. Убактылуу сакталуучу (10 жылдан жогору) баракгарына катар белги коюлуп, катуу папкага салынат. Иштин акырында өзүнче баракка күбөлөндүрүүчү жазуу коюлат.

7.2.2. Убактылуу сактоо иши (IO жылга чейин) тиркелбейт, баракгарына катар белги коюлбайт, тизмелее түзүлбейт, иштин атамалар тизмеси боюнча тактоо жүргүзүлбейт.

7.2.3. Иш кагаздарды топтоштуруу учурунда туруктуу сактоо ишин жана иш кагаздардын ички тизмесин зарыл түрде түзүү иштин башында киргизилет. Тиркемесинде иш кагаздардын шарттуу белгисинин кыскача мазмуну,баракгын катар белгиси жана жылы,айы,күнү көрсетүлет. Ички тизмелеенүн баракгарына өзүнче катар белги коюлат.Алардын саны күбелендүрүлгөн баяндоого жалпы иштин баракгарынын санынан +(кошуу) кийин белгиленет.

7.2.4. Жылдын аягында туруктуу жана күнүмдүк сактоону аткарууда (IO жылдан жогору) төмөндөгүдей тактоолор сунуш кылынат.

- эгерде түзүлүштүк бөлүмчөнүн аты өзгерүлсе же башка белүккө өткерүлсе,анда тартиптештирилген иш кагаздар менен иштин нуктасы катар белгиси менен киргизилет;
